# Чынында бул дин абдан жеңил. Эч ким чамасы келбеген даражада ибадат кылам дебесин. Антсе ага дин үстөмдүк кылат. Ошондуктан, ар бир иште тактыкты

Абу Хурайра (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Чынында бул дин абдан жеңил. Эч ким чамасы келбеген даражада ибадат кылам дебесин. Антсе ага дин үстөмдүк кылат. Ошондуктан, ар бир иште тактыкты жана ортолукту кармангыла. Ар бир ишти мыкты аткаргыла. Ошенте алсаңар, кубангыла. Таңкы, кечки жана түн бир оокумдагы убактыңарды жакшы пайдаланып, Аллахтан жардам сурагыла".
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ислам дини бардык тарабынан жеңил, оңой түзүлгөнүн айткан. Алсыздык же муктаждык себептери табылган учурда анын жеңилдиги анык билинет. Анткени, кайсы бир дин амалына берилип терең кирип кетүүнүн жана жеңилдикти таштоонун акыбети ошол амалды аткара албай кала турган алсыздыкка алып барат, же анын баарын же кээ бирин такыр аткара албай калууга себеп болт. . Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өтө аша чаппай, ортолукту кармануука үндөйт; пенде ага буйрулган ишти кемчиликтүү кылбашы керек. Так кыла албаган ишти аткарбашы керек. Эгер ишти толук аткарууга чамасы жетпесе, анда ага жакыныраагын аткарышы керек. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амалды толук аткарууга чамасы жетпеген адам аны колунан келишинче, аз болсо да такай аткарып турса, ага чоң сооп болорун сүйүнчү катары айткан. Анткени, амал алсыздыктан улам аткарылбай калса да сооптон үзулуп калбайт. Дүйнө жашоосу бул – сапар жана акыретке алып бара турган көч. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үч убакта ибадатты мыкты акарып жана улантып турууга жардам берүүсүн Аллахтан сурануука буйруган: Биринчиси: таң эрте багымдат намазынан күн чыкканга чейинки убак. Эуинчиси: чак түштөн оогон убак. Үчүнчүсү: түн же түндүн кээ бир бөлүгү. Түндө ибадат кылуу күндүзгө караганда оор. Ошон үчүн түндүн кээ бир бөлүгүндө деп айткан.

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC
E-Da'wah Committee